УДК 811.111(07)

Жумагулова Ф.М.

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# CLOZETEST- ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУДА ТИЛДИК БОЖОМОЛДУТУЗУУЧУ КАРАЖАТ КАТАРЫ

*Бул макалада тест чет тилин окутууну көзөмөлдөөчү каражат экендиги тууралуу жана анын мисалы катары Cloze test тууралуу сөз болот .*

Чет тилин окутууну көзөмөлдөөнүн эң бир эффективдүү каражаттарынын бири болуп тест саналат.

Ал төмөнкүлөрдү аныктоо үчүн колдонулат:

- Ишмердүүлүктүн кандайдыр бир анык түрүндөгү жетишкендиктердин деңгээлин аныктоо.
- Ишмердүүлүктүн кандайдыр бир түрүнө болгон жөндөмдүүлүктөрдү аныктоо.
- Тигил же бул ишмердүүлүктүн түрүн өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктарды жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун аныктоо үчүн.

Мугалимдер өзүлөрүнүн практикасында көп учурда биринчи топтогу тест менен кездешишет. Мындай тесттер кептик ишмердүүлүктөгү жалпы жөндөмдүүлүктөрдү же конкреттүү окуу процессинде өздөштүрүлгөн жөндөмдүүлүккө жетишкендигин так аныктай алышат.

Тесттер жыйынтыктоочу же тематикалык түрдө болушу мүмкүн. Жыйынтыктоочу тесттер окуучунун жетишкен билим деңгээлин аныктоого багытталат. Тематикалык тест окуу процессин жакшыртууга көмөкчү катары колдонулат.

Тест окуучунун билим деңгээлин жана тил жөндөмдүүлүктөрүн башка окуучулардын деңгээлине салыштырмалуу же окуу деңгээлинин анык критерийлерине карата аныктай алат.

Мунун негизинде, тестирлөөнүн жыйынтыктары окуучунун билим деңгээлин баалоодо, тигил же бул окуу жайын тандоодо, ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүндөгү жетишкендиктерин сертификациялоодо, жетишкен деңгээлдерине жараша окуу топторуна бөлүштүрүүдө, окутуу кыйынчылыктарын аныктоодо колдонулушу мүмкүн.

С.К.Фоломкинанын аныктамасы боюнча, тест – бул жалпы окуучуларга бир учурда бирдей шартта иштөөгө жана аткарылышын символдор аркылуу жазууга мүмкүндүк берген, атайын уюштурулушка ээ болгон тапшырма [3]. Тесттин тапшырмалары ар дайым бир гана чечилишке ээ. Тесттин жообунун тууралыгын аныктоо атайын даярдалган ачкыч аркылуу жүргүзүлөт. Көзөмөлдөөдө тесттин колдонулушу максаттуу, анткени ал окуучулардын ой-жүгүртүү ишмердүүлүгүнө багыт берет жана кабыл алынган маалыматты кайра иштеп чыгаруу процессин ар түрдүү алмаштырууга үйрөтөт.

Тестти текшерүүнүн жыйынтыктары мугалим тарабынан анализделет. Ал, бир жагынан, окуучулардын билим деңгээлинин көрсөткүчү катарында болсо, экинчи жагынан, ал мугалимдин өзүн жана анын ишин баалоо катары саналат. Бул баалоо өз учурунда окуу процессине керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана окуучулардын катачылыктарынын кайталанбашына мүмкүнчүлүк берет.

Тестирлөө метод катары бир нече ыкмалардан турат. Алардын ичинен өзгөчө клоуз-тестке (cloze-test) көп көңүл бурулат. Тесттин бул түрү методикалык адабияттарда тест-толуктоочу же калыбына келтирүүчү тест катары сүрөттөлөт. Cloze test америкалык окумуштуу В.Тейлор тарабынан иштелип чыккан жана сунушталган. Ал текстти окуп түшүнүүдө тексттин оорчулун аныктоого багытталган. Cloze test чет тили сабагында

лексикалык материалды текшерүү максатында жазуу түрүндө аткарылуучу эффективдүү көзөмөл ыкмасы катарында кеңири колдонулууда.

Cloze testтин өзгөчөлүгү болуп андагы байланышкан текст түрүндөгү жагдайдын көрсөтүлүшү саналат (монолог, диалог). Мындай тесттин маалыматы, бир жагынан, тилдин уюштурулушуна, экинчи жагынан, тилдик эмес чындыкка тиешелүү. Лингвистикалык жана экстралингвистикалык мүмкүнчүлүктөрдүн айкалышы текшерилүүчү тилдик материалдын үлгүсүнүн абстрактуулугун жеңүүгө жардам берет. Cloze testтин аткарылышынын ийгилиги текшерүүчүлөрдүн канчалык деңгээлде жалпы текстти түшүнүүсүнөн жана текстте сүрөттөлгөн каармандардын абалдары же окуялардын байланышын түзүүдөн көз каранды. Ал, өз кезегинде, анын окулуучу тилдин лексикасын өздөштүрүшү жана анын текстти ар бир конкреттүү жагдайга жараша түшүнүүсү аркылуу аныкталат.

Cloze test орто мектептерде окуучуларда жетиштүү деңгээлде тилдик база түзүлгөн окутуунун алдыңкы этабында көзөмөлдүн формасы катарында колдонулушу мүмкүн.

Cloze testти түзүүнүн методикасы өтө деле оорчулук туудурбайт. Бул тестти иштеп чыгууда мугалим практикада текшерилген төмөнкү сунуштарды колдонушу керек:

Бул тестти түзүү үчүн 100 сөздөн кем эмес - 300-400 сөздөн көп эмес болгон бир чыгармадан үзүндү тандап алабыз да, ар бир бешинчи, жетинчи сөздү калтырып кетебиз. Чыгармадан алынган үзүндү бүткөн бир ойду билдирген, логикалык негизделген факты, окуялардын баяндамасы болушу керек. Окуучулар тексттин жалпы мааниси менен таанышкан соң, бош жерлерди өздөрү туура деп ойлогон сөздөр менен толтурушат. Боштуктардын туура толтурулушу алардын текстти түшүнүүсүн жана лексикалык материал менен камсыз экендигин тастыктайт.

Cloze test угуу аркылуу башка тилдеги кепти түшүнүүнү текшерүүнүн куралы катары да колдонсо болот. Бул учурда аудиотексттеги калтырылган элементтерди угуп түшүнүү аркылуу боштуктарды толтуруу болуп саналат. Cloze test тилдик божомолду түзүүчү эффективдүү каражат жана ал тилди билүү деңгээлин аныктоо үчүн да колдонулат.

Cloze test колдонулган тексттен мисал:

Fill in the gaps with necessary words.

Department, in, the most, store, has, than, people, street, popular, big, are, clothes, compane, buy, children, visit, shops, closed, Sunday.

The most famous British__ (1)store is Harrods___(2) Knightsbridge. It is___ (3) expensive department___ (4) too. The store___(5) more___ (6) 300 departments and over 4000___ (7) work there.

Oxford___ (8) is London’s most___ (9) shopping center. There are some___ (11), department stores in Oxford street. The best-known___ (12) ‘’Sefridge’s’’, ‘’John Lewis’’, ‘’Mark and Spenser’’.

‘’Mark and Spenser’’ sells___ (13) and food. This___ (14) has over 700 stores in the world.

If you want to___ (15) toys and something for___ (16), go to Regent street and___ (17) ‘’Hamleys’’. It is one of the biggest toy in the world.

Some small shops are___ (18) on Sundays. But most big department stores are open in London on___ (19).

Keys:

1. department
2. in
3. the most

4. store
5. has
6. than
7. people
8. street
9. popular
10. big
11. are
12. clothes
13. company
14. buy
15. children
16. visit
17. shops
18. closed
19. Sunday

Адабияттар:

1. Рабинович Ф.М. Контроль на уроке иностранного языка. // Иностранные языки в школе. №1, 1987.
2. Розенкранц М.В. Использование тестовой методики при обучении чтению иноязычных текстов. - Хабаровск, 1984.
3. Фоломкина С.К. Тестирование в обучении иностранному языку.// Иностранные языки в школе. № 2, 1986.
4. http://methodological_terms.academic.ru/
5. http://festival.1september.ru/